**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XV сессиясында**
**«10» июнь 2026-жылы бекитилген.**
Токтом N 220

# Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары жөнүндө

# ЖОБО

**1.Жалпы жоболор.**

**2.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн «Ардактуу атуул» наамы.**

**3.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы.**

**4.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ыраазычылык барагы.**

**5.Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби.**

**6.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктарын тапшыруу тартиби.**

**7.Сыйлыкка көрсөтүлгөн атуулдардын керектүү документтери**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары атуулдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө кошкон өзгөчө салымын таануу формасы болуп саналат.

2.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары болуп **«Ардактуу атуул»** наамы жана **Ардак Грамота** эсептелет.

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **«Ардактуу атуул»** наамынын ээлерине төш белги жана күбөлүк берилет.

Күбөлүктүн, төш белгилердин жана аларга камтылган маалыматтардын үлгүлөрү айылдык Кеңештин сессиясында бекитилет.

3.**«Ардактуу атуул»** наамын жана төш белгилерди тапшыруу, **Ардак Грамота** менен сыйлоо атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиянын аныктамасына ылайык айыл өкмөтүнүн буйругунун негизинде ишке ашырылат.

4.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекеме – ишканаларынын жогорку квалификациядагы кызматкерлери, Ак-Терек айыл аймагынын жарандары :

- айыл аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн өсүшүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылоо булактарынын өсүшүн бекемдөөгө;
- айылдык инфраструктураны жакшыртуу жана өнүктүрүүгө;
- коомдук иштерге активдүүлүгүн көрсөтүп, айылдын түптөлүшүнө;
- жаш муундарга адеп-ахлактык жана маданияттулукту жогорулатууга;
- илим, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн сыйланат.

## II. Ак-Терек айыл аймагынын Өкмөтүнүн

**«Ардактуу атуул» наамы**

1. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **«Ардактуу атуул»** наамы айыл өкмөттүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө зор салым кошкон, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана чарбалык иштерде билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында, эл арасындагы ынтымактуулукту коргоого жана чыңдоого кошкон зор салымы, өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн айыл аймагында 15 жылдан кем эмес жашаган тургундарына ыйгарылат.

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **«Ардактуу атуул»** наамы айыл аймактын өнүп-өсүшүнө кошкон өзгөчө эмгеги үчүн чет өлкөлөрдүн жарандарына жана айыл аймакта жашабаган Кыргыз Республикасынын жарандарына ыйгарылышы мүмкүн.

2. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эмгеги сиңген жарандарына берилүүчү **«Ардактуу атуул»** төш белгиси эки элементтен турат. Төш белгинин үстүнкү элементи ромбу түрүндө болуп, Кыргыз Республикасынын желеги чагылдырылган. Алдыңкы элементи тоголок формада болуп, үстүнкү жагында эки тоо көрсөтүлүп, ортосунан күндүн чыгышы белгиленген. Ортосунда **«АРДАКТУУ АТУУЛ»** деген жазуу чоң тамгалар менен жазылып, тегереги лавр жалбырагы бутагы жана буудай сабагы менен курчалган.Төш белгинин үстүнкү элементинин артында төш белгини бекитүүчү төөнөгүч жасалган. Төш белгинин экинчи бетинин үстүнкү жагында тоо көрсөтүлүп, алдыңкы жагына кыргыздын оймосу түшүрүлүп, ортосунда **«Тоң району, Ак-Терек айыл аймагы»** деген сөз жазылган. Төш белгинин алдыңкы элементи алтын сымал түс менен боелгон.

3.Төш белгиге атайын күбөлүк жазылып, өзүнчө каттоо жүргүзүлүп, учетко алынат. Күбөлүк айыл өкмөтүнүн мөөрү менен бекитилип, айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысынын кол тамгасы менен бекитилет.

4. **«Ардактуу атуул»** наамы айылдык жыйындардын, коомдук уюмдардын, мекеме-ишканалардын эмгек жааматтарында каралып, өзгөчө сиңирген эмгеги көрсөтүлгөн сунушу айыл аймактын айыл өкмөтүндө түзүлгөн атайын комиссиясына жиберилет.

**«Ардактуу атуул» наамына көрсөтүлгөн өтүнүчкө № 1 тиркемеге ылайык кошумча документтер жиберилет.**

5. **«Ардактуу атуул»** наамы салтанаттуу кырдаалда наам ыйгарылган атуулдун өзүнө тапшырылат.Наам менен бирге сыйланган атуулга **«Ардактуу атуул»** наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүк жана төш белги берилет.

**«Ардактуу атуул»** наамын айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык Кеңештин төрагасы, ошондой эле алардын тапшырмасы боюнча орун басарлар, жооптуу катчы тапшырат.

6.**«Ардактуу атуул»** наамы бир гана жолу ыйгарылат жана кайталап берилбейт.

7. Атуулдардын юбилейлерине байланыштуу аларга **«Ардактуу атуул»** наамы берилбейт.

**8.«Ардактуу атуул» наамынын ээси төмөндөгүлөргө укуктуу:**

- айыл аймагындагы мекеме-ишканалардын, уюмдардын, жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын кабыл алуусунда эч тоскоолдуксуз кабыл алынууга жана тиешелүү маселелер боюнча алардан жооп алууга;
- айыл аймактын тургундарынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, социалдык-экономикалык маселелер, ишти илгерилетүү боюнча айыл аймактын айыл өкмөтүнө, айылдык Кеңешке кайрылууга;
- айылдык Кеңештин, айыл аймактын айыл өкмөтүнүн отурумдарына катышууга;
- өз алдынча тийиштүү маселелер боюнча сунуш берүүгө.

7.**«Ардактуу атуул»** наамына негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

8.**«Ардактуу атуул»** төш белгиси Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн автордук менчиги болуп, башка жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын жана жарандардын бул төш белгини Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн макулдугу, уруксаты жок өз алдынча жасатуулусуна тыюу салынат. **«Ардактуу атуул»** наамына тийиштүү болгон күбөлүк, төш белгини мыйзамсыз жасатып алуу, уурдоо, сатуу жана алмаштыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## III. Ак-Терек айыл аймагынын Өкмөтүнүн Ардак Грамотасы

1.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **Ардак Грамотасы** менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө, муниципалдык кызматтагы, өндүрүштүк, илимий-техникалык, чыгармачылык, тарбиячылык, коомдук кайрымдуулук ишмердиктеги жетишкендиктери үчүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекеме-ишканаларында, коомдук уюмдарында үлгүлүү иш алып баргандар сыйланат. Айрым учурларда өзгөчө көрсөткүчтөргө жетишкен жалпы эмгек жааматына берилиши мүмкүн.

## IV. Ак-Терек айыл аймагынын Өкмөтүнүн Ыраазычылык барагы

1.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ыраазычылык барагы менен айыл аймакта жашаган жана аймактан тышкары жакта жашагандар сыйланат.Негизинен аймактын коомдук иштерине активдүү катышкан, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк иштерин жасаган ,айыл чарба, билим берүү, медицина тармагында эмгектенгендер сыйлана алышат.

## V.Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби

1.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктарына сунуш берүүгө төмөнкүлөр укуктуу:

- айыл аймактын Өкмөтү;
- айылдык Кеңеш;
- аксакалдар соту;
- ардагерлер Кеңеши;
- аялдар Кеңеши;
- айыл башчылар;
- мекеме-ишканалар, уюмдар.

2. Ак-Терек айыл айыл өкмөтүнүн сыйлыктары айылдык жыйындардын, коомдук уюмдардын, мекеме-ишканалардын эмгек жамааттарында каралып, өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн көрсөтүлгөн сунушу айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысынын наамына жиберилет.

3. Келип түшкөн сыйлык иш-кагаздары атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиясында, өзүлөрүнүн белгиленген убагында каралып, протоколдук негизде кабыл алынган аныктамасын айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысына акыркы чечимин кабыл алуу үчүн жиберет.

4. Тартиптик айыпка тартылган кызматкерлердин сунушу каралбайт.

## V.Айыл аймагынын Өкмөтүнүн сыйлыктарын тапшыруу тартиби

1. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары салтанаттуу түрдө эмгек жааматынын чогулушунда, жалпы айылдык жыйындарда, салтанаттуу майрамдык аземдерде айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык Кеңештин төрагасы жана алардын тапшырмалары менен орун басарлар, жооптуу катчы тапшырат.
2. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сыйлыктары менен сыйлангандардын персоналдык эсеби айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жалпы башкаруучулук бөлүмүндө алып барылат.
3. Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн сыйлык бланкалары, төш белгилери жана аларга тийиштүү иш-кагаздар милдеттүү отчеттуулук документтердин деңгээлинде сакталат.

## VI. Сыйлыкка көрсөтүлгөн атуулдардын керектүү документтери

1. Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн башчысынын наамына сунуш;

2. Сыйлыкка көрсөтүлгөн атуулдун кандидатурасын эмгек жааматында, жыйындарда талкулоо протоколу;

3. Паспорт, диплом, сертификаттардын күбөлүктөрүнүн копиялары.

**Ак- Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин төрагасы:** **Мамбетов А.А.**

**Ак- Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы:** **Эмилбеков У.Э**

**Ак- Терек айыл аймагынын жооптуу катчысы** **Тиленбаева У.К**